тургандыгы аныкталды;

2. Окуу жараянында өз алдынчалуулук көрсөткүчтөрүн жогорулатуу үчүн күчөтүлгөн тартипте иштөө зарылчылыгы белгилүү болду;

3. Экономика багытындагы студенттерге чет тилдерин окутуу жараянында өзүн-өзү уюштурууга болгон жөндөмдөрү калыптандырыла тургандыгы, аны андан нары өнүктүрүүгө сунушталган ыкманын колдонулушу максатка шайкеш келе тургандыгы тастыкталды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Андреев, В.И.** Саморазвитие творческой, конкурентоспособной личности менеджера [Текст] / В. И. Андреев. - Казань: СКАМ, 1992.-183 с.
2. **Гура, В.В.** Роль самоорганизации учебной деятельности студентов в развитии профессионально значимых компетенций [Текст] / В.В. Гура // Международный журнал экспериментального образования.- 2016. №11.-149с.
3. **Курмангулов, А.А**. «Фабрика процессов»–новый формат организации образовательного процесса в высшем учебном заведении [Текст] / А.А.Курмангулов // Высшее образование в России.- 2018.- Т.27.- № 5. – С. 37-41.
4. **Мандрикова, Е.Ю.** Разработка опросника самоорганизации деятельности(ОСД) [Текст] / Е.Ю.Мандрикова // Психологическая диагностика.- 2010, № 2. – С.87- 111.
5. Новый энциклопедический словарь // Большая Российская энциклопедия.-М.: Риполклассик, 2006.-1455с.
6. **Петрова, Е.В.** Самоорганизация студентов вуза как условие формирования их научно исследовательской компетенции [Текст] / Е.В.Петрова // Вестник Чувашского государственного педагогического университета им. И.Я. Яковлева. – Чувашия: ГПУ, 2016. - №2 (90).- С.154-160.
7. **Тыныбекова, Ч.А.** Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууда маалыматтык – коммуникациялык технологияларды пайдалануунун артыкчылыктары [Текст] / Ч.А.Тыныбекова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2018.- №3 -119с.
8. **Шипилов, В.** Перечень навыков soft skills и способы их развития [Текст] / В. Шипилов URL:https://www.cfin.ru/management/people/devval/soft-skills.shtml.-2020.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_124

Поступила в редакцию 12. 09. 2021 г.

**УДК 37.016 (82-1)82-821**

***Байиева Б. А.***

*преп. Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б. Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН «ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ» ПОЭМАСЫН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ИНСАНДЫК САПАТТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Изилдөөнүн предмети болуп жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз адабияты сабагында А.Осмоновдун "Эшимкандын тереги" поэмасын окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу эсептелинет. Изилдөөнүн максаты-поэманын башкы каарманы Эшимкандын образын ачып берүүдө колдонулган окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын патриоттук, гумандуулук, айкөлдүк сапаттарын калыптандыруу менен биргеликте билим жана тарбия берүүнүн деңгээлин көтөрүүгө багытталган окутуунун технологияларын тандоо. Изилдөө жалпылоо, талдоо, системалаштыруу усулдарын колдонуу аркылуу ишке ашырылды.«Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган технологиялар окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн өстүрүп, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Изилдөөнүн натыйжасында*

*окутуунун технологияларын пайдалануунун артыкчылыктары белгиленип, окуучулардын тил байлыгын өстүрүүгө, дүйнөнү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга багытталды. Макаланын материалдары жалпы билим берүүчү мектептеринин кыргыз тили жана адабият сабактарында колдонууга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *поэма; окутуунун технологиялары; концепция таблицасы; инновация; тарбия берүү; жалпылоо; окутуп-үйрөтүү.*

## ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ УЧАЩИХСЯ ПОСРЕДСТВОМ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ ПОЭМЫ АЛЫКУЛА ОСМОНОВА «ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ»

*Предметом исследования является формирование личностных качеств учащихся на уроках кыргызской литературы общеобразовательной школы через технологии обучения поэмы Алыкула Осмонова «Эшимкандын терегi». Цель исследования – повысить качество обучения, воспитания и формировать патриотические, общечеловеческие ценности учащихся через технологии обучения, используемые в раскрытии образа главной героини поэмы Эшимкан. Исследование проводилось методами систематизации, обобщения и анализа. Технологии, используемые в обучении поэмы «Эшимкандын терегi», стимулируют творческую самостоятельность и мышление учащихся, и повышают интерес к уроку. В результате исследования были выявлены преимущества использования обучающих технологий, направленных на повышение языковых навыков учеников и повышение их уровня восприятия мира. Исследование показало, что использование обучающих технологий направлено на повышение языковых навыков учащихся и их восприятия мира.*

***Ключевые слова:*** *поэма; технологии обучения; таблица понятий; инновация; образование; обобщение; обучение.*

## FORMATION OF PERSONAL QUALITIES OF STUDENTS WITH THE HELP OF TEACHING TECHNOLOGIES OF TEACHING THE POEM OF ALIKUL OSMONOV "THE TREE OF ESHIMKAN"

*The subject of the article is the formation of personal qualities of students through the technology of teaching the poem «The tree of Eshimkan» by A. Osmonov in the class of Kyrgyz literature in secondary schools. The goal of the article is to select teaching technologies aimed at improving the level of education and upbringing of students, as well as the formation of patriotic, humane, generous qualities through teaching technologies used to reveal the image of the main character Eshimkan. The study used methods of generalization, analysis and systematization of well-known textbooks. The technology used in teaching the poem «The tree of Eshimkan» develops students' independent thinking and interest in the lesson. The research results allow the teacher to pay close attention to each student in the class and work closely with him. The article is recommended for use by teachers of the Kyrgyz language and literature in secondary schools.*

***Key words:*** *poem; teaching technologies; table of concepts; innovation; education; generalization; teaching.*

Азыркы учурдун заман талабы болуп, окуу тарбия ишинин мазмунун жаңылоону, окутуунун абалын, сапаттык деңгээлин жогорулатуунун башкы маселеге коюу күн маселеси болуп келет. Анткени, XXI кылымдагы ааламдашуу процесси адам баласынын жашоосуна чоң бурулуш алып келген, дүйнөлүк цивилизация талап кылып турган билимди, б.а. кийинки кылымдар үчүн керек баалуу булактарды үйрөтүү зарылдыгын белгилеп отурат. Коомдук зарылдыкка жараша окутуу процесси өркүндөтүлүп, окуучу билим алууга өзү кызыгып, улам кийинки сабакта жигердүүлүгү артып, окутуу иши анын практикалык талаптарына түздөн-түз жооп берип, жыйынтыгында мектептик билим берүүнүн алдында жаш инсанды келечекте коомдун татыктуу адамы катары калыптандыруу милдети турат.

Бул милдеттерди ишке ашырууда сабакта окутуунун методикасын, заманбап талаптарына ылайык өнүктүрүү өтө зарыл маселе [1].

Азыркы коомдук-социалдык талаптарга жооп берген билимдерге ээ кылуучу, инсанга багытталган сабакты уюштуруу педагогикалык чеберчиликти талап кылат. Мындай талаптардын натыйжасында салттуу сабактарды мазмундук жана формалык жактан инновациялоо, дүйнөлүк билим берүүдө ийгиликке жетишкен, жаңычыл ык-формаларын пайдаланып окутуп-үйрөтүүгө артыкча маани берилет. Мындай талаптардын натыйжасында салттуу сабактарды мазмундук жана формалык жактан инновациялоо, дүйнөлүк билим берүүдө ийгиликке жетишкен, жаңычыл ык-формаларын пайдаланып окутуп-үйрөтүүгө артыкча маани берилет. Мезгилдин талаптарына жараша чөйрөгө ыңгайлашып өз ара мамиле түзүүдө жаңылануунун, керектүү билимге ээ болууну, кырдаалга туруштук берүүчү инсанды тарбиялоо маселелерин, ар бир окуучунун кызыкчылыктарын эске алуу менен сабакты инновациялоо иштерин жүргүзүү, инсандын руханий дүйнөсүн өзгөртүү, коомчулук менен мамиле түзүүдөгү психологиялык кырдаалдарды изилдөө сабак учурунда сабактын максатына ылайык инновациялоо боюнча Г.К.Селевко, В.П.Баспалько, М.В. Кларин, В.Ю. Питюков, В.А. Сластёнин, С.Н.Лысенкова эмгектеринде берилген. Ал эми Кыргыз Республикасында билим берүүнүн инновациялоо, азыркы учурга ылайык модернизациялоо, педагогикалык илимдердин дүйнөлүк өнүгүү багыттарына таянып жаңылоо маселелери жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуу китептеринин мазмунун, илимий-методикалык базасын жаңылоо, жаңы муунга окуу китептерин түзүү аркылуу инновациялоо боюнча И.Бекбоев, Н.И.Ишекеев, А.Ж.Муратов, С.К.Рысбаев, Ж.А.Чыманов Б.К.Оторбаев ж.б. окумуштуулардын эмгектерин методологиялык негиз болуп эсептелинет [2].

Ата мекенди коргоо, табиятты көздүн карегиндей сактоо, кардай таза ыймандуулук, сабырдуулук, берешендик үлгүлөрү Алыкул Осмоновдун чыгармаларында ошонун ичинен поэмаларында көтөрүлгөн эң башкы идея болуп саналат. Азыркы күндөгү кыргыз адабиятынын өзөгүн аныктаган анын эстетикасынын башкы белгисине айланган бийик гумандуулук, курч патриоттуулук сыяктуу принциптердин алгачкы башаты акындын ар бир жараткан поэмаларынан өнүгүп чыгат десек жаңылышпайбыз.

Алыкул Осмонов «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образы менен параллель түрдө шарттуу образ теректин символикалык образы да сүрөттөлөт. Бул символикалык терек терс образдардын да чыныгы жүзүн ачууда чон роль ойноо менен оң каармандардын жакшы сапаттарын ачып берет. Бул туурасында проф. А.Садыков «Эшимкандын терегинде» терек шарттуу образ кандуу согушка карата болгон элдик көз караштарды жана кара ниет адамдардын акыры жакшылык көрбөсүн түшүндүрөт»-деп белгилеген [3].

А.Осмоновдун «Эшимкандын тереги» поэмасындагы башкы каарман Эшимкандын образын ачып берүүдө 1-таблицада көрсөтүлгөндөй «Концепция таблицасы» усулун колдонсо болот. Бул усулда мугалим Эшимкандын образын дагы да мыктыраак ачып берүү үчүн башка чыгармалардагы оң каармандар аркылуу салыштырып берсе болот. Ал эми биз азыр «Толубай сынчы» поэмасындагы Толубай сынчынын сапаттарын салыштыруу аркылуу бердик.

«Концепция таблицасы» усулун сабакты бышыктоо жана корутундулоодо колдонсок, окуучулар таблицаны сабакта алган маалыматтарынын негизинде толтурат.Усулдун акыркы тапшырмасы «менин пикирим» бөлүгүндө ар бир окуучу өз алдынча ойлонуп, оюн эркин жазууга үйрөнөт. Ошондой эле «Концепция таблицасы» усулун сабакта колдонууда окуучулар эки оң каармандардын сапаттарын салыштырып жатып, эң мыкты инсандык сапаттарды түшүнөт жана ээ болушат [3].

1 –Таблица. Концепция таблицасы

| Салыштыра турган кейипкер | Портреттик сыпат-сы | Кулк-мүнөзү | Иш-аракети | Автордун оюу | Менин пикирим |
|---|---|---|---|---|---|
| Толубай сынчы | Жети өлчөп бир кескен, эч кимге жамандык ойлобогон сабырдуу инсан | Сабырдуу, даанышман, ойчул, адилеттүү | Ар бир аткарган ишинде даанышмандык байкалат. Элдин жашоосунун тынчтыгын ойлогон адилеттүүлүк үчүн кандай гана нерсеге даяр экенин көрсөтө алган каарман | Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар.Не билсин ал жөнүндө жаш уландар. Суусаган таттуу жомок ширесине-сөз кылат тамшанышып карыялар-бул саптар аркылуу акын Толубай сынчынын толук образын ачып бере алган | «Толубай сынчы» поэмасында Толубай сынчы даанышмандыгы,сабырдуулугу менен кардуу ханга карата эч кандай амал колдонбой туруп, жашап өткөн заманына адилеттүүлүк орноткон.Дайыма адилетсиз жашоо акыры тунгуюкка барып такалаарын ачып бере алган. |
| Эшимкан | Ак эмгеги менен элге жаккан. Эч качан оюна жамандык келбеген, жаратылышка аяр мамиле жасаган инсан | Сабырдуу, берешен, мээнеткеч | | Ак күчүн, ден кубатын,көкүрөк дилин. Окубай, өзү үйрөнгөн көп билимин.Колхоздун казынасына тартуу кылып.Байытып эки кылып,бирин-бири автор | Эшимкан өз заманынын мээнеткеч жана жаратылышка аяр мамиле жасаган ошону менен катар Мекендин тынчтыгы үчүн жан күйгүзгөн каарман. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ушул саптар аркылуу Эшимкандын кандай каар-ман экенин ачып бере алган. | |

Окуучулардын сабакта алган маалыматтарын текшерүү жана өз алдынча ой жүгүртүүсүн калыптандыруу боюнча К.Акматовдун сабакты интерактивдүү методдордун негизинде окутуудагы интерактивдүү технологияларды колдонуп өтүү структурасы же интерактивдүү сабактын 5- этабы боюнча тажрыйба бөлүүшүсүнүн 5- этабында рефлекция же жыйынтыктарды жарыялоодо «жеңил» жана «оор» суроолор таблицасын колдонсо болот. Сабакта алган билимдери боюнча мугалим доскага таблица сызып экиге бөлүп алат жана 1-бөлүгүнө жеңил суроолорду 2-бөлүгүнө татаал суроолорду жазып коет. Окуучулар сабакта алган билимдерине жараша суроолорго жооп берет. Андан соң мугалим тарабынан толукталып отуруп, жыйынтыктар жарыяланат. Мугалим окуучуларга суроолордун тандоо деңгээлин эркин коет [4].

2 – Таблица. Жеңил жана оор суроолор

| «Жеңил» суроолор-бир ирет гана далилдүү жооп талап кылынган суроолор | | «Оор» суроолор-оор, толук жооп берип, тандоону талап кылган суроолор | |
|---|---|---|---|
| 1.«Эшимкан -дын тереги» поэмасынын башкы каармны | Жооп: Эшимкан | Жыламыштын өйүзүнө өсүп чык-кан терек эмне үчүн Эшимкандын тереги деп аталып калды? | Жооп: Эшимкандын үй-чарбагы жайгашкан Жыламыштын берки өйүзүнө терек өсүп чыгат.Жайы кышы өзгөрбөй кулпуруп тура берет. Ал терек өсүп чыккандан бери Эшимканга дөөлөт үстүнө дөөлөт келет.Бир эмес төрт жолу колхоздун ударниги болот. Эчкилери эгиздеп эмес, сегиздеп тууп, аялы ушул жашка келип уул төрөйт. Ак пейил колхозчу Эшимкан эмгегинен баар тапкан, жөнөкөй, берешен адам. Ошондуктан эл да Эшимкандын ак ниеттүүлүгүнөн табият да ага багынды деп теректи Эшимкандын тереги деп атап койгон. |
| 2.Поэмадагы башкы каар-ман Эшим-кан ким болгон? | Жооп: колхозчу | Терек кандай касиеттерге ээ? | Терек жөн эле өспөйт башка бактай айлап, айлап-жылдап өсөт.Терек биздин замандын шат күнүнө жараша күлүп,ырдап саат сайын кучагын жайып өсөт. Ал дайым жашарып турат. Картайып кары кары болбойт, саргайып сары күздө сары болбойт, жашарып жай күнүндөй |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | дайым жашыл. Анткени ак ниеттин күчү колдойт. Ошентип, терек Эшимкан жана башка ак ниет адамдардын бардык жакшы ниеттерине тилектеш. Эгер адам баласынын башына бакыт консо, теректи күзгү бороон, ызгаардуу суук, аяз, жайкы аптапда саргайтып, куурата албайт. Ал гана эмес Ооруулар бир түп түнөп конуп кетсе үч күндө сак саламат соого айланат. |
| 3.Легендага айланган Эшимкан-дын тереги өскөн өйүз-дүнаталы-шы? | Жооп: Жыламыш-тын өйүзү | Автор Калмат ме-нен Шорукту поэмада кандай сүрөттөйт? | Жооп:Калмат жана Шоорук экөө тең жалкоо жатып ичер уруулар, эл арасында ынтымактуу турмушка суук көзүн салган шүмшүктөр эле.Эр-азаматтын баары курал көтөрүп душманга карай Мекенди коргоого кетсе, алар дайыма кара ниеттикти ойлоп жеңил оокатын жолун издешет. |
| 4.Поэмадагы терс каар-мандар? | Калмат, Шоорук | Теректи кесип отун кылууга экинчи жолу аракеттенген Калмат менен шорукту Эшимкан кантип жазалайт? | Терекке байлап салат. Терек алардын бүт жаман сапаттарын, ойлорун соруп алат. Алардын жалкоолугу кетип, ыймандуу болуп калышат. |

Ошондой эле мугалим класстагы окуучулардын санына жараша топторго бөлүп, суроолорду алдын ала атайын «жеңил» жана «оор» суроолорду таблицанын үлгүсүндөй даярдап, топторго таркатса да болот. Окуучулар сабакта алган билимдерин таблицанын негизинде суроолорго жооп берип, мугалимдин жардамы менен талкуулашат. Бул усулду колдонууда сабакта мугалим ар бир окуучуга өзгөчө көңүл буруп, тыгыз байланышта иш алып баруусуна мүмкүндүк берет.

Азыркы мектептин алдында турган зор милдеттер негизинен жаштарды окутуу жана тарбиялоо процессинде ишке ашырылат. Ал эми окутуу жана тарбиялоо процессинин бардык маселелеринин ичинен сабак эң негизги орунду ээлейт. Сабакта инсанды калыптандыруу балдардын акылынын өсүшү дайыма алардын жалпы өнүгүшүнө камтылат да жалпысынан алганда инсанды калыптандыруу менен тыгыз байланыштуу. Бирок, тилекке каршы, айрым учурда сабакта билим гана берилет, сабакта баланын интеллектуалдуу жагы гана калыптанат деп ойлойбуз. Бирок андай эмес чындыгында дал сабактын өзүндө личносттун фундаменти түптөлөт, анткени сабак бул окутуу-тарбиялоо ишинин негизги формасы [5-6].

**Жыйынтыктар:**

1. «Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган окутуунун технологиялары аркылуу окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандыруу;

2. «Эшимкандын тереги» поэмасын окутууда колдонулган технологиялар окуучулардын сабакка болгон кызыгууларын арттыруу менен өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө өбөлгө түзөт;

3. Изилдөөнүн натыйжасында мугалим сабакта ар бир окуучуга өзгөчө көңүл буруп, тыгыз байланышта иш алып баруусуна мүмкүндүк берет. Макала жалпы билим берүүчү орто мектептеринин кыргыз тили жана адабият мугалимдерине сабакта колдонууга сунушталат.

**Колдонулган адабияттар:**


1. **Абдураимова, З.С.** Мугалим,сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы. Толукталып, оңдолуп экинчи басылышы [Текст] / З.С. Абдураимова.- Ош: Кагаз ресурстары, 2021.-8 б.
2. **Муратов, А.Ж.** Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / А.Ж.Муратов. – Бишкек: kitep.kg, 2017.- Б.10-12.
3. **Доолотбакова, Р.** Нарын мамлекеттик университети. Филология жана педагогика [Текст] / Р.Доолотбакова // Илимий статьялардын жыйнагы II чыгарылыш.-Бишкек, 2002.- Б.32-33.
4. **Муратов, А. Ж.** Окутуунун жаңы технологиялары [Текст] / А.Ж.Муратов.- Бишкек: kitep.kg,, 2017.- Б.180-189.
5. **Бекбоев, И.Б.** Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015.- 282 б.
6. **Жусупова, Д.Ы.** Отражение педагогических идей в фольклоре кыргызского народа [Текст] / Д.Ы. Жусупова // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ. 2014. - №2. – С. 55 – 58.


DOI: 10. 54834 / 16945220_2021_3_ 129

Поступила в редакцию 17. 11. 2021г.

**УДК 372.851.4**

***Курбанбаева Н.Н.***
*к. ф.-м.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Токтобаева Г.Т.***
*ст. преп. Ошского технол. универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*
***Аблазова А.А.***
*магистрант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*
***Маматова А.Г.***
*магистрант Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

# ГЕОМЕТРИЯЛЫК ТҮЗҮҮГӨ БЕРИЛГЕН МАСЕЛЕНИН ЧЫГАРУУНУН ЭТАПТАРЫ МЕНЕН БЛУМДУН ТАКСОНОМИЯСЫНЫН ОРТОСУДАГЫ БАЙЛАНЫШТЫ ИЗИЛДӨӨ

*Бул макалада геометриялык түзүүгө берилген маселелердин чыгаруунун этаптары менен Блумдун таксономиясынын ортосундагы байланыш аныкталган Геометриялык түзүүгө берилген маселелерди чечүүнүн негизги принциптеринин бирин жакшы чагылдыруу максатында изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Түзүүгө берилген геометриялык маселелерди Блумдун таксономиясы менен чечүү усулу колдонулду. Мугалимдин геометрияны окутууга, анын ичинен геометриялык түзүүлөрдүн*